**И.АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**Ж.БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

Д 13.20.623 диссертациялык кеңеши

*Кол жазма укугунда*
*УДК 37.371.3:894.341*

ТАЖИБАЕВА УРКИЯ КОЧКОРОВНА

# XX КЫЛЫМДЫН 70–90-ЖЫЛДАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫН ОКУТУУНУН МЕТОДИКАЛЫК СИСТЕМАСЫ

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек – 2021

Диссертациялык иш Баткен мамлекеттик университетинин Кызыл-Кыя гуманитардык педагогикалык институтунун кыргыз адабиятын окутуунун методикасы кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Ишекеев Назаркул Ишекеевич**
педагогика илимдеринин доктору,
профессор

**Расмий оппоненттер:** **Рысбаев Сулайман Казыбаевич**
педагогика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз билим берүү академиясынын көп тилдүү билим берүү жана адабият лабораториясынын башкы илимий кызматкери

**Шералиева Анара Жолдошбековна**
педагогика илимдеринин кандидаты, М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономика университетинин кыргыз-орус тилдер кафедрасынын доценти

***Жетектөөчү мекеме:*** Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы, педагогика жана психология кафедралары. Дареги: 715600, Жалал-Абад шаары, Эркиндик көчөсү, 57.

Диссертациялык ишти коргоо 2021-жылдын **24-сентябрында саат 13:00дө** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илиминин доктору (кандидаты) жана психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720023. Бишкек ш., 10-кичи району, Саманчин көчөсү,10 а.

Диссертациянын коргоосунун онлайн трансляциялоонун идентификациялык коду https://vc.vak.kg/b/d13-twl-1v3-x7g

Диссертациялык иш менен диссертациялык кеңеши бар мекемелердин китепканаларынан И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (дареги Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 547), Кыргыз билим берүү академиясынын жана http:arabaev.kg/do.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын 15-июлунда таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент**  **Омурбаева Д.К**

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**: XXI кылымдын башталышында, ага чейин эле мектеп окуучуларынын билим алууга, анын ичинде адабий эстетикалык маданиятын өркүндөтүүгө, көркөм адабий туундуларды окууга, өз ара талкуулоого болгон кызыгуулары солгундап, прозалык, поэтикалык чыгармалар мурдагыдай талаш-тартышка түшүп кабылданбай калды.

Улуу «Манас» эпосу сыяктуу теңдешсиз поэтикалык эстеликти жараткан элдин азыркы жаштарынын басымдуу бөлүгү ыр түрүндөгү чыгармаларга мамилесинин кайдыгерлигинин бир булагы – ааламдашуу процессинин активдештирилишинен улам маалымдоо технологияларынын: санериптештирүү процессинин ж.б. окуучуларга таасиринин күчтүүлүгү болсо; экинчи булагы – жалпы билим берүүчү мектептерде адабиятты, анын ичинде поэзияны окутуунун натыйжалуулугуна жетише албай жаткандыгыбыз менен байланышат. Бул эки булак азыркы мектепке өзгөчө мамиле кылууну шарттап, адабиятты окутуунун мазмунун, формасын жаңылоону, технологияларын өркүндөтүүнү, анын максат-милдетин окуучулардын билим алууга деген даярдыктарын жогорулатууга багыттоону талап кылат.

Кыргыз адабияты боюнча мамлекеттик билим берүү стандартында «Адабиятты окуу предмети катары үйрөнүүнүн объектиси – кыргыз адабиятынын туундулары (улуттук фольклор, ырчылар чыгармачылыгы, жазма акындардын поэзиясы, совет мезгилиндеги жазуучулардын чыгармалары, азыркы адабият) жана эне тилине которулган дүйнөлүк классика. Мында, албетте, эне тилинде жазылган чыгармаларды окуп-үйрөнүүгө артыкчылык берилет. Ошол эле мезгилде адабият таануунун айрым үлгүлөрү да бул же тигил чыгарманы терең өздөштүрүү үчүн окуп-үйрөнүлөт», – деп жазылган. Демек, азыркы адабият деп аталган соңку учурдагы кыргыз адабиятын окуп үйрөнүү, анын ичинде кыргыз поэзиясынын окуу программага сунушталган материалдарын пайдалануу стандарттын талабы болуу менен, алар жаштарыбыздын адабий билимин көтөрүүдө жана турмуштук түшүнүктөрүн байытууда өзгөчө чоң роль ойнойт.

1972-жылы «Кыргызстан» жана «Мектеп» басмалары тарабынан «Поэзия күнү», «Учкун», «Темир канат» аттуу поэтикалык үч алманах чыгарылган. Бул үчөөнө кыргыз поэзиясынын башы таанылган айтылуу өкүлдөрүнөн тартып эң жаш авторлоруна чейин киргизилген. Ал жыйнактар кыргыз поэзиясынын ал-абалын, негизги тенденцияларына мүнөздүү болгон ийгилик-кемчиликтерин толук болсо да кадимкидей чагылдырып турат.

Ал эми мектепте XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын адабият программасына киргизилген өкүлдөрүнүн курамын С.Эралиев, С.Жусуев, Б.Сарногоев, Ж.Мамытов, О.Султанов, Э.Ибраев, Ш.Дүйшеев сыяктуу акындар түзүү менен, алардын чыгармалары жалпы адамзаттын кылым соңунда кабылган коомдук, нравалык-этикалык, экологиялык көйгөйлөрүн философиялык өңүттөн чагылдыруу, алардагы лирикалык каармандын ички дүйнөсүн психологиялык тереңдикте ачуу

аракетинин жогорулугу, тарыхый-биографиялык тематикага кызыгуусунун жигердүүлүгү, публицистикалуулугу менен айырмаланат. Аталган акындардын чыгармачылыгы жана бул мезгилдеги адабий процесстин өзгөчөлүктөрү адабият таануу жана адабий сын тарабынан бир топ изилденди.

Кыргыз адабият таануусунда кыргыз ырларынын теориялык проблемалары, тарыхый өнүгүшү, айрым акындардын портреттери бир кыйла изилденди (Абакиров К.А., Жумакадырова К.М., Исаева С.Н., Исаков К.А., Култаева Ү.Б., Кулмамбетова Г.Т., Сулайманов М.С., Түлөкабылов М.Т., Эгембердиева А.А. ж.б.) ошол эле учурда кыргыз адабиятын окутуу методикасы илиминде (Алымов Б., Акматов Б.М., Акматов К.К., Байгазиев С.О., Батаканова С.Т., Исамидинов И.Ч., Иманалиев К., Ишекеев Н.И., Момуналиев С., Муратов А.Ж., Сартбаева К.,Оторбаев Б., Турдукулов А., Эшиев Ж.) кыргыз адабиятын окуутуунун теориялык-методикалык негиздери иштелип чыккан. Билим берүүчү мекемелердеги алдыңкы мугалимдер (Абдесов Н., Исаков Б.С., Сманбаев А.) поэтикалык чыгармаларды окутууда практикалык ишмердүүлүгүн көрсөтүшкөн. Бирок, бул эмгектерде кыргыз адабиятынын, анын ичинде кыргыз поэзиясынын XX кылымдын жыйынтыктоочу этабынын окутулушу тарыхый-адабий процессте, ошол процесстин өзгөчөлүктөрү эске алынуу менен атайын изилдөөгө алынган эмес. Биздин изилдөө дал ушул кенемтени эске алуу менен жүзгүзүлдү.

XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын билим берүүчү мектептердин «Кыргыз адабияты» программасына ошол өткөн кылымдын аяк ченинен тартып гана киргизилип, аларды окутуу процессинде төмөнкүдөй карама-каршылыктарга жол берилип келет, алар:

- 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун тажрыйбасынын жетишсиздиги жана топтолуп үлгүрбөгөнү;
- тажрыйбалардын иретке салынып жыйынтыкталбаганы;
- XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын окуу программаларынан, окуу китептеринен жана окуу-методикалык комплекстерден орун алышына анализ жасалбагандыгы;
- 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын мектепте окутуунун бирдиктүү методикалык системасы түзүлбөгөндүгү;
- адабият мугалимдери үчүн окуп-үйрөнүүгө деп сунушталган чыгармаларга түздөн-түз тийиштүү методикалык эмгектердин дээрлик жетишсиздиги;
- адабият мугалимдери кыргыз поэзиясын окутууда теориялык жана практикалык кыйынчылыкка дуушар болушу ж.б.

Аныкталган карама-каршылыктар диссертациялык иштин актуалдуулугун айкындап, изилдөөбүздүн темасын **«XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы»** деп алууга түрткү берди.

**Диссертациянын темасынын алгылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлүүчү негизги илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.**

Баткен мамлекеттик университетинин Кызыл-Кыя гуманитардык педагогикалык институтунун кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын илимий-изилдөө иштери менен байланышат.

**Изилдөөнүн обьектиси:**

Кыргыз адабиятындагы XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:**

Жалпы билим берүүчү мектептерде XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын өздөштүрүүнүн илимий негиздери.

**Изилдөөнүн максаты:**

Жалпы билим берүүчү мектептерде XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын иштеп чыгуу, эксперименттик текшерүүдөн өткөрүп, практикага сунуш кылуу.

**Изилдөөнүн милдеттери.**

1. XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын жалпы тенденцияларын, ал мезгилдеги профессионал акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн аныктоо.

2. Окуу процессинде поэтикалык чыгармалардын маанисин түшүнүү аркылуу ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн (салыштыруу, талдоо, баалоону жалпылоо) өнүктүрүү.

3. XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын иштеп чыгуу.

4. Иштелип чыккан теориялык жана практикалык ой-корутундуларды педагогикалык тажрыйбадан өткөрүү, сунушталган методиканы эксперименталдык жол менен негиздөө.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы.**

XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү аныкталгандыгында; 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын окуу программасына сунуш кылынган чыгармаларын адабий-тарыхый процесс, коомдук турмуштун жалпы динамикасы менен байланышта талдоонун бүтүн бир методикалык системасы иштелип чыккандыгында; иштелип чыгылган методикалык сунуштар илимий-практикалык сынактан өткөрүлгөндүгүндө.

**Алынган натыйжалардын практикалык маанилүүгү.**

Изилдөөбүздөн келип чыккан пикирлер, тыянактар, сунуштар республикабыздын жалпы билим берүүчү мектептеринде кыргыз адабиятын окутууну жакшыртууда, предметтик стандартын, окуу программаларын, окуу китептерин, окуу колдонмолорун түзүүдө, педагогикалык багыттагы жогорку окуу жайларында, мугалимдерди кайра даярдоо, адистигин жогорулатуу тармактарында окутулуучу курстардын сапатын өркүндөтүүдө практикалык жактан көмөк көрсөтө алат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору.**

1. XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун натыйжалуу жолдорун уюштуруу менен окуучулардын адабий билимин байытууда адеп-ахлактык, таалим-тарбия маселелери;

2. 70-90-жылдарындагы кыргыз профессионал акындардын поэзиясындагы идеялык мазмуну, сюжети, элементтери аркылуу турмушка ашыруунун жолдорун колдонуу;

3. 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуу боюнча иштелип чыккан сабактын иштелмелери, окуучулардын таанып-билүү мүмкүнчүлүгү жана инсандык көз карашынын калыптанышы;

4. Аталган мезгилдеги поэзияны окутуу боюнча алдыңкы мугалимдердин иш тажрыйбаларын, илимий иштелип чыккан иштелмелерди ар тараптуу үйрөнүү.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын бөтөнчөлүгүн, көркөм-эстетикалык баалуулугун, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен аларды окуп-үйрөтүүнүн абалы аныкталып, анын натыйжалуулугун арттыруу боюнча салттуу жана интерактивдүү методиканын системасы иштелип, практикага сунуш кылынгандыгында.

**Диссертациянын натыйжаларынын тастыкталышы.**

Диссертациянын изилдөө ишинин жүрүшү, алынган натыйжалары жана жыйынтыктары БатМУнун Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун кыргыз тили жана адабияты кафедрасынын кеңешмелеринде, Кызыл-кыя шаарынын, Ноокат районунун мугалимдеринин методикалык секцияларында, өзүбүздүн сабактарыбызда, эксперименталдык мектептерде (Ноокат районундагы «Көк-Жар» атындагы инновациялык гимназиясында, Төөлөс айыл өкмөтүнүн «Герейт-Шорон» атындагы орто мектебинде, Кызыл-Кыя шаарындагы №4 А.С.Пушкин атындагы мектебинде, Кызыл-кыя шаарына караштуу № 9 Ураим Гулматов атындагы мектептеринде) тастыкталды. Педагогикалык эксперимент иштери 3 этапта жүргүзүлдү.

**I этапта** (2013-2014 –ж). XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуу боюнча материалдар жыйналып, жалпы билим берүүчү мектептин V, VI, VII, X, XI класстарында берилген чыгармаларды окутууда кездешкен кыйынчылыктар аныкталды.

**II этапта** (2015-2016-жж.) 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын өтүүдөгү сабактарга байкоо жүргүзүлүп, ар түрдүү илимий-методикалык пикирлер, алгылыктуу методдор, иш-тажрыйбалар иликтенди, натыйжалар талданды жана XX кылымдын 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы иштелип чыкты.

**III этапта** (2017-2018-жж.) эксперименттик изилдөөнүн жыйынтыктары жалпылаштырылды. XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун баалуулугу жана максатка ылайыктуулугу аныкталып, илимий-методикалык сунуштарга кошумчалоо киргизилди.

**Диссертациянын натыйжаларынын жарыяланышы.** Илимий иштин мазмунуна байланыштуу 17 илимий макала Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы сунуштаган журналдарында жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Изилдөөнүн негизи милдеттерин чечүү үчүн диссертациянын түзүлүшү жана материалдардын баяндоо логикасы үч баптан, корутундулардан, жалпы корутундудан, илимий-практикалык сунуштардан, пайдаланган адабияттардын тизмесинен, 2 - сүрөт, 2 - схема, 1-диаграмма, 7 - таблицадан турат. Диссертациянын жалпы көлөмү 186 бетти түзөт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын тандалып алынышы, изилдениш абалы, актуалдуулугу айтылып, диссертациянын максаты менен милдеттери, илимий жаңылыгы менен практикалык мааниси, изденүүчүнүн жекече салымы, коргоого алып чыгылуучу негизги жоболор, изилдөөнүн натыйжаларынын тастыкталышы көрсөтүлдү.

Биринчи бап **«XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын өнүгүү тенденциялары жана окутуунун теориялык негиздери»** деп аталып, өткөн кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын өнүгүү тенденциялары каралды. Кыргыз жазма адабиятынын ичиндеги өзүнчө бөлүгү поэзия, анын мектеп программасына иргеп киргизилген үлгүлөрү окуучулардын жаш курагына, психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайыкталып, окууга, жаттоого жеңил болуп, татаалдык жаратпайт, негизгиси, поэтикалык чыгармалардын жаш муундарга эстетикалык тарбия берүүдөгү таасири чоң. Билим берүүчү мектептердин кыргыз адабияты программасына киргизилген 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутууда профессионал акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү илимий жактан аныкталды. Алар: Ж.Садыковдун “Эненин жүрөгү” чыгармасында - лиризм, С.Жусуевдин “Алакан” чыгармасында – уйкаштык, Б.Сарногоевдин “Бешигим – Мекен” чыгармасында - төкмөлүк өнөргө жакындыгы, М.Абылкасымованын “Эстелик сүйлөйт” чыгармасында – публицистикалуулук, Т.Кожомбердиевдин “Апа”, «Эне жана коломто» чыгармаларында – поэтикалуулук, Ж.Мамытовдун “Бурул таңдын жомогу” чыгармасында – романтикалуулук, О.Султановдун «Кош, Ысык-Көл», «Бокс», «Алтай…Алтай», «Жоокер» чыгармаларында–философиялуулук, А.Өмүркановдун «Чолпонбай» чыгармасында – патриоттук, С.Эралиевдин Лирикалары: «Мен кыргызмын», «Аттын ыйы», «Эне», «Казак тууганга», «Каныкейдин көз жашы», «Айылым», «Бүбүсара». Поэмасы «Кесир инсан» чыгармаларында – ички толгонуулар, санаркоолор, ички кайрыктар (поэтикалуулук), Э.Ибраевдин «Улут болсом, тилим менен улутмун» чыгармасында – патриоттук пафостун күчтүүлүгү жана Ш.Дүйшеевдин «Кайдыгерлик» чыгармасында – маселеге масштабдуу кароо маселери басымдуу болгонун аныктоо менен аларды билим берүүчү мекемелерде окутууда маани берүү жагы чагылдырылды.

**1-сүрөт. -70-90-жылдардагы кыргыз профессионал акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүнүн классификациясы**




Мектеп программасына кирген XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын тематикаларын жогорудагыдай классификацияга ажыратып тактадык. Биздеги бүдөмүк болуп жаткан ойлор ушул категориялар аркылуу ачыкталды (сүрөт - 1).

*XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун психологиялык-педагогикалык аспектилери* деп аталган экинчи параграфында окуучуларга адабий билим берүүдө окуучуларынын таанып билүү кызыгуусун өнүктүрүү аспектиси каралып, поэзияны мектеп окуучусу түшүнүү максатында окуучунун оозеки жана жазуу жумуштарын жүргүзүүдө сөз байлыгын өркүндөтүү негизги милдет болуп эсептелет. Бул жумуштар адабият сабагынын негизги өзөгүнөн алыстабай бир катарда жүрүүчү негизги маселе, ошондуктан чыгарманы көркөм окуу, түшүнүп окуу, окуганын кайра айтып берүү сыяктуу маселелерди ишке ашыруу жалпы анализденди. XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы иштелди. Үчүнчү параграфтын мазмунунда *XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун дидактикасында окутуунун методдорунун табияты каралды.* Мектеп окуучуларын XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз профессионал акындардын поэтикалык чыгармаларынын бай казынасын окуп-үйрөнүүдө натыйжалуулугун көрсөтөт. Ааламдашуу шартында, жаңы технологиялар менен китептин күрөшү жүргөн мезгилде поэзия сөз өнөрү катары окуучунун кабылдоосуна, баалай билүүсүнө жетишүү үчүн сабак өтүүдө салттуу жана иновациялык методиканы айкалыштыруу, мугалим менен окуучунун ортосундагы иш-аракеттердин жаңы ыкмаларын калыптандыруу проблемалары чагылдырылды.

Экинчи бап **«Илимий изилдөөнүн жана окутуунун методологиясы менен методдору»** деп аталып, XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз

поэзиясын окутуунун, талдап өздөштүрүүнүн методологиялык негиздери каралды. Билим берүүчү жалпы мектептерде 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун натыйжалуулугун ачып берүү үчүн педагогикалык эксперименттин максаттары жана милдеттери каралып, алынган натыйжалар көрсөтүлдү.

Биз үйрөнгөн методологиялык эмгектер 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окутуп, талдоодо төмөнкү жагдайларды тереңдетүүнү шарттайт:

1. ХХ кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун мазмунун тереңдетилиши.
2. Педагогдордун 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык ыкмаларын, жолдорун, каражаттарын натыйжалуу колдонулушу.
3. Аталган мезгилдеги кыргыз поэзиясын окутууда мугалим менен окуучунун чыгармачылыгына маани берүүсү.

Мектеп программасына сунуш кылынган ХХ кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуп талдоо процессинде илимий эмгектерди пайдалануу менен илимий жактан камсыздоо өзүнчө мааниге ээ.

*Илимий изилдөөнүн методдору* деген параграфта 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын интерактивдүү негизде окутууга арналган. Бул бөлүмдө поэзиянын мазмунун терең үйрөнүү менен чектелбестен окутуунун жолдорун, ыкмаларын ага шайкеш келтирүүгө, сабак учурунда окуучулардын активдүүлүгүн жогорулатууга, өтүлүп жаткан чыгарманы турмуш менен байланыштырып кароо маселелери болду.

Поэтикалык чыгармалар башка жанрга окуучуларга бат таасир берип, окуучунун акыл жөндөмдүүлүгүн ойготууга, изденүүгө өбөлгө түзүп, ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн арттырат. Окуучу чыгарманы окуганда сезим-туюму, акыл-сезими аркылуу өткөрөт да, жекече изденип, түйшөлүп, аны талдоого алып, өзүнүн жеке баасын берүүгө жөндөмдүү болгондо гана кабыл алган билим түшүнүгү эсинде сакталаары белгилүү.

70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окутууда адабият мугалими тексттин жанрдык өзгөчөлүгүнө көңүл бурушу керек экендигине токтолдук. Анткени, окуучу өтүлүп жаткан чыгарманын маани-маңызын, нарк-насилин түшүнбөсө, чыгарманын идеялык-тематикалык сырлары ачылбай калат. Демек, адабият программасында берилген 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын бөтөнчүлүктөрүн адабий жана методикалык табиятын жогорудагы бөлүмдө мугалимдерге ачып көрсөтүүгө аракет жасадык.

Мектеп окуучуларын 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окутуп-үйрөтүүдө анын түрлөрүн, жанрдык өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ага ылайык келген окутуунун формалары, методдору, каражаттары туура тандалганда гана окуучунун билими, билгичтиги калыптанат жана бул көрүнүштү төмөндөгү схемадан байкоого болот.

**Схема 1. – 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы**




Жалпысынан караганда мектепте поэзияны окутуу жеңил көрүнгөнү менен анын ички кыйынчылыктары бар. Ошол жагдайларда мектепте поэтикалык чыгармаларды өздөштүргөнүн атайын изилдөө үчүн педагогикалык тажрыйба жүргүздүк. Изилдөөнүн базасы катары Ош областынын Ноокат районундагы Көк-Жар инновациялык гимназиясы, Төөлөс айыл өкмөтүнүн Герейт-Шорон орто мектеби, Баткен областынын Кызыл-Кыя шаарынан А.С.Пушкин атындагы № 4 орто мектеби, У.Гулматов атындагы орто мектептери тандалып алынды. Биздин педагогикалык тажрыйба 2012- 2018-жылдар аралыгында үч этап менен каралды.

1. Даярдоо этабы – 2012-2014-жж.
2. Изденүү этабы – 2015-2016-жж.
3. Окутуу этабы – 2017-2018-жж.

Адегенде биринчи, тажрыйба жүргүзүүнүн этаптарын, максатын, милдеттерин, методдорун, натыйжаларын аныктадык. Экспериментке алынган мектептердин окуучуларын 2 топко бөлүп алдык. (1-таблица).

**1-таблица. - Экспериментке катышкан мектептердин аталышы, класстары жана окуучулардын саны**

| № | **Мектептер** | **Жалпы окуучулардын саны** | | | | | **Эксп. топ** | **Байк. топ** | **Жалпы** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | 1 | 2 | | | | | 3 | 4 | 5 |
| | | Класстары | | | | | | | |
| | | 5-кл | 6-кл | 7-кл | 10-кл | 11-кл. | | | |
| 1 | Көк-Жар инновациялык гимназиясы | 127 | 125 | 113 | 63 | 76 | 233 | 271 | 504 |
| 2 | Герейт-Шорон орто мектеби | 60 | 58 | 54 | 36 | 35 | 123 | 120 | 243 |
| 3 | А.С.Пушкин атындагы № 4 орто мектеби | 88 | 81 | 79 | 32 | 35 | 143 | 172 | 315 |
| 4 | У.Гулматов атындагы орто мектеби | 153 | 120 | 129 | 60 | 76 | 248 | 290 | 538 |
| | **Баары** | **428** | **384** | **375** | **191** | **222** | **747** | **853** | **1600** |

Мектептерде 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окуучулар кандай деңгээлде талдай ала тургандыгын байкоого алып, төмөндөгүдөй суроолорду берүү менен окуучулардын өздөштүрүүсүн аныктай алдык:

1. С.Жусуевдин “Алакан” чыгармасындагы негизги идеясы кандай?
2. Ж.Садыковдун кайсы чыгармаларын билесиңер?
3. Б.Сарноевдин “Бешигим-Мекеним” чыгармасынын сюжети кандай?
4. Ыр менен жазылган кайсы романды билесиңер?
5. Ж.Мамытовдун кайсы легендасын билесинер?
6. “Эне жана коломто” чыгарма кайсы акынга таандык?
7. Улуу Ата Мекендик согушту чагылдырган кандай чыгармаларды билесиңер?
8. О.Султановдун “Жоокер” чыгармасынын мазмуну кандай?
9. Эмне үчүн чыгарма “Кесир инсан” деп аталган деп ойлойсунар?
10. “Улут болсо тилим менен улутмун” чыгарманын автору ким? ж.б.

Бул суроолор төмөнкүдөй ***крийтерилер*** менен текшерилди:

1. Окуучу чыгарманын идеясын билүүсү, окуяларды ажырата алуусу жана оюн так, ыраттуу жеткире алуусу, көркөм окуусу эске алынды.
2. Чыгармадагы аргументтүү далилдерди келтирүү менен өз ойлорун ынанымдуу жеткире алуусу бааланды.
3. Чыгармадагы баяндалган окуяларга карап тематикасы окшош чыгармаларды далилдеп берүүсү аркылуу айкындоо.
4. Окуучулардын жоопторуна ылайык, алардын ой жүгүртүүсү эске алынды.

Жооптор мектептеги V,VI,VII, X, XI класстардардын окуучуларынан алынды. Натыйжада, төмөнкүдөй көрсөткүчкө күбө болдук (2-таблица ).

**2-таблица. - Окуучулардын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын өздөштүрүү деңгээлин аныктоо**

| № | Мектептин № | Класстын түрү | Окуучулар саны | | Деңгээли | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Баа-ры | катыш каны | жог. | орт. | төм. |
| 1 | Көк-Жар инновациялык гимназиясы | Экс. | 233 | 230 | 74 | 98 | 34 |
| | | Бай. | 271 | 270 | 74 | 96 | 51 |
| 2 | Герейт-Шорон орто мектеби | Экс. | 123 | 120 | 63 | 80 | 28 |
| | | Бай. | 120 | 118 | 69 | 86 | 46 |
| 3 | А.С.Пушкин атындагы № 4 орто мектеби | Экс. | 143 | 140 | 64 | 82 | 30 |
| | | Бай. | 172 | 170 | 70 | 88 | 48 |
| 4 | У.Гулматов атындагы № 9 орто мектеби | Экс. | 248 | 246 | 67 | 86 | 32 |
| | | Бай. | 290 | 287 | 73 | 94 | 50 |
| | Жыйынтык | Экс. | 747 | **736** | 36% | 47% | 17% |
| | | Бай. | 853 | **845** | 34% | 43% | 23% |

Мында жогорку деңгээл боюнча байкоо топтогу 34%, эксперимент топто 36%, ал эми  орточо деңгээл боюнча байкоо топто 43% эксперимент топто 47% болуп өздөштүрүлгөнү байкалды.

Тажрыйба жүргүзгөн класстардын окуучулары чыгарманы өздөштүрүүсү, идеясын, сюжетин жана образдарды талдай алуусу көрүнүп турат. Бул биздин илимий божомолубуздун тууралыгын аныктайт. Таблицада көрүнүп тургандай, биздин методикалык табылга, сунуштарыбыз сабактардын натыйжалуулугун жогортулатууга көмөктөштү. Бул көрсөткүчтү диаграммага салганда төмөнкүдөй болду.

**1-диаграмма.  - Окуучулардын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын өздөштүрүү деңгээли**



Ар бир мектептеги кыргыз адабияты сабагы боюнча мугалимдерден анкеталык суроо жүргүзгөнүбүздө, алар жекече пикирлерди айтуу менен 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окуу ишмердүүлүгүндө талапка жооп бербей калган себептерин айтышты. Алар С.Жусуевдин "Курманжан датка" чыгармасы, Э.Ибраевдин "Улут болсом тилим менен улутмун", Ш.Дүйшеевдин "Кайдигерлик" чыгармаларын окуу китебине киргизилип чыга электиги (20), методикалык колдонмолордун жетишсиздиги (16), мугалимдердин тажрыйбасынын аздыгы (8), азыркы талапка жооп берген технологияларды (электрондук китеп, компьютер, планшет ж.б.) колдоно албоо (4), мугалимдердин компетенттүүлүк боюнча билиминин тайыздыгы аныкталды. Мындан сырткары да себептер айтылды.

Эксперимент жүргүзгөнүбүздө V-VII класстарына биз сунуштаган методдордун негизинде 70-90-жылдардагы кыргыз профессионал акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн жана поэзиядагы идеясын өздөштүрүү деңгээли (тажрыйбанын 3-этабында) төмөнкүдөй көрсөткүчтү берди (3-таблица).

**3-таблица. -V-VII класстын окуучуларынын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын идеясын өздөштүрүү деңгээли**

| **Берилген чыгармалардынмазмуну №** | **Класстын түрү** | **Окуучулар саны** | | **Баасы** | | | | **Көрсөткүчү** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **Баа-ры** | **катыш каны** | **5** | **4** | **3** | **2** | **% сапаты** | **% өздөш түрбөгөнү** |
| 1. | Экс. | 563 | 558 | 200 | 260 | 95 | 3 | 82% | 18% |
| | Бай. | 614 | 600 | 180 | 246 | 170 | 4 | 71% | 29% |
| 2. | Экс. | 563 | 556 | 175 | 265 | 113 | 3 | 79% | 21% |
| | Бай. | 614 | 596 | 198 | 232 | 160 | 6 | 72% | 28% |
| 3. | Экс. | 563 | 560 | 190 | 226 | 110 | 4 | 82% | 26% |
| | Бай. | 514 | 608 | 194 | 310 | 100 | 4 | 74% | 18% |
| 4. | Экс. | 563 | 554 | 170 | 245 | 135 | 4 | 75% | 25% |
| | Бай. | 614 | 604 | 193 | 214 | 195 | 2 | 67% | 33% |
| 5. | Экс. | 563 | 554 | 165 | 252 | 137 | - | 75% | 25% |
| | Бай. | 614 | 598 | 188 | 219 | 191 | - | 68% | 32% |
| 6. | Экс. | 563 | 552 | 189 | 253 | 108 | 2 | 80% | 20% |
| | Бай. | 614 | 596 | 177 | 221 | 194 | 4 | 67% | 33% |
| 7. | Экс. | 563 | 558 | 176 | 245 | 134 | 3 | 75% | 25% |
| | Бай. | 614 | 600 | 194 | 226 | 179 | 1 | 70% | 30% |
| 8. | Экс. | 563 | 560 | 196 | 246 | 116 | 2 | 79% | 21% |
| | Бай. | 614 | 603 | 200 | 232 | 169 | 2% | 72% | 28% |
| **Жыйынтыгы** | Экс.т. | 563 | **4452** | 33% | 45% | 21% | 1% | 78% | 22% |
| | Бай.т. | 614 | **4805** | 31,% | 39,5% | 29% | 0,5% | 71% | 29% |

1. С.Жусуев “Алакан” чыгармасын өздөштүрүүнүн сапаты эксперименталдык топто **82%** көрсөтсө, ал эми байкоо тобунда **71%** болду.
2. Ж.Садыков “Эненин жүрөгү”чыгармасын өздөштүрүүнүн сапаты (экс.т.) **79%** көрсөтсө, (бай.т.) **72%** болду.
**3.** Б.Сарноев “Бешигим Мекеним” чыгармасын өздөштүрүүнүн сапаты (экс.т.) **82%** көрсөтсө, ал эми (бай.т.) **74%** болду.
4. М. Абылкасымова “Эстелик сүйлөт” чыгармасы боюнча (экс.т.) **75%** , (бай.т.) **67%** болду.
5. Т.Кожомбердиев “Апа”, “Эне жана коломто” чыгармасы боюнча чыгармасы боюнча (экс.т.) **75%** , (бай.т.) **68%** болду.
6. Ж.Мамытов “Буурул таңдын жомогу” чыгармасы боюнча (экс.т.) **80%** , (бай.т.) 6**7%** болду.
7.О.Султанов “Кош, Ысык-Көл”, “Бокс”, “Алтай...Алтай”, “Жоокер” чыгармасы боюнча (экс.т.) **75%** , (бай.т.) **70%** болду.
8. А.Өмүрканов “Чолпонбай” чыгармасы боюнча (экс.т.) **79%** , (бай.т.) **72%** болду.

Жыйынтыгында байкоочу топко салыштырмалуу эксперименттик топто сапаттык өсүш 7 % жогорулады.

Ал эми X-XI класстардын окуу программасына кирген 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясына кызыгуусун артырып, өздөштүрүүсү тажрыйбанын 3-этабындагы көрсөткүчү төмөнкүдөй жыйынтыкталды

1. Б.Сарногоевдин “Ашуудан берген отчетум” жыйнагы боюнча эксперименталдык топто 83%, байкоо топторуна 74 % болду.

2. С.Эралиевдин “Лирикалары” боюнча эксперименталдык топто 83% , байкоо топторуна 75% болду.

3. С.Жусуев “Курманжан датка” романы боюнча эксперименталдык топто 84%, байкоо топторуна 80% болду.

4. Э.Ибраевдин “Улут болсом тилим менен улутмун” чыгармасы боюнча эксперименталдык топто 86%, байкоо топторуна78% болду

5. Ш.Дүйшеевдин “Кайдигерлик” чыгармасы боюнча эксперименталдык топто 84%, байкоо топторуна 77% болду.

Ошентип жалпы жыйынтыгында сапаттык өсүш эксперименталдык топто 85 % , байкоо топто 77% болуп, методикалык сунуштарыбыз оптималдуу болгондугун көрсөттү. Аны төмөнкү диаграммада чагылдырдык.

**2-диаграмма.**



**«XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикасы»** деген үчүнчү бапта XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутууда салттуу жана интерактивдүү методдор менен окуучулардын билимин, билгичтигин, көндүмдөрүн калыптандырууда, аларды тарбиялоодо жана чыгармачылыгын өнүктүрүп, инсандык сапатка даярдоого багытталган мугалим менен окуучунун өз ара максаттуу биргелешип аракеттенүүлөрүнүн ыкмасы. Демек, окутуу метододу үч нерседен: окутуунун максатынан, окуучунун окуп үйрөнүүсүнөн жана мугалимдин окутуу ыкмаларынан турат.

70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын өзгөчөлүктөрүн ачып берүү менен бирге, бул тектеги чыгармаларды окутууда ар бир чыгармага өзгөчө ыкма колдонуу натыйжалуу, себеби, бул чыгармалардын ар бирин окутууда ар башкача усулду талап кылат.

Поэтикалык чыгармаларды өздөштүрүү окуучуларга жеңилдей туюлганы менен, материалдагы улуттук идеяларды таап чыгууда бир топ татаалдык жаралат. Андыктан, биз бул маселеге басым коюуга аракет жасадык.
Мугалим поэзияны окуучуга жеткирүүдө ырдагы ар бир саптын эмоциялуу-экспрессивдүү табиятын ачып берүүгө жетиши керек. Ал үчүн өтүлүп жаткан материалга класста ар бир окуучу тарабынан таасирдүү маани берилиши зарыл. Алгач класста акындын чыгармасынын таасирдүү саптарын мугалим үн кубулта окуп, андан кийин жөндөмдүү окуучулар тарабынан көркөм окулушу керек. Ар бир акындын чыгармасындагы ырдын табиятына, көркөмдүк өзгөчөлүгүнө, образдуулугуна, эмоциялуулугуна карап, көркөм окуунун түрдүү ыкмаларын, формаларын ыктуу колдонуу сабактын жүрүшүндө негизги маселе болуп саналат. Кээ бир сабактарда акындардын чыгармаларын окуучуларга жеткирүүдө техникалык каражаттарды (аудио, видио ж.б.) пайдаланышы керек. Көркөм окуунун ар кандай ыкмаларын жана формаларын пайдаланып окуучунун жан дүйнөсүнө таасир берүүсү керек. 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окуучуларга жеткирүүдө көркөм окуу деңгээли жеткиликтүү уюштурулуп, мазмундук багытта талданып, көркөмдүк табиятын кабыл алуусун уюштурулушу зарыл. Ал тургай акындардын ырларындагы ыргагына, ритмине кызыгышы мүмүн. Акындардын поэзиясы адабияттын башка тектеринен айырмалоо касиетин, мугалим, ачып бериши да маанилүү орунда турат.

V класста алгач 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын өтүүдө мугалимдин кириш сөзү менен сабакты баштайт. Андагы айтып берүү окуучуларды жаңы теманы кабыл алуусуна даярдайт. Айтып берүү ишинде сүрөттөрдү, иллюстрациялык материалдарды, техникалык каражаттарды пайдалануу менен окуучулардын кызыгуусун арттыруу,активдүүлүгүн козгогон, эмоциялык жактан таасирдүү болушу натыйжалуу.

“Октуунун интерактивдүү методдору” жана “Интерактивдүү окутуу” бизге бул терминдер англис тилинен кирди ( аракет, аракет кылуу) “окуучулар бири-бирине өз ара таасир этүүгө мүмкүнчүлүк берүү” катары которууга болот, окуучулардын бири-бирине таасир этүүгө негизделген окуу болуп саналат.

V класстын окуу программасында С.Жусуевдин “Алакан” чыгармасы сунушталган. Чыгарманын өзгөчөлүгү жана маанисине арналып, андагы каарман Самактын мүнөзүн ачуу үчүн чыгармадагы окуяларды байланышта талдоо натыйжалуу. Мында чыгарманын каарманы менен окуучуларды тааныштыруу мүмкүнчүлүгү ачылат. Чыгарманын негизги каарманы Самакты мүнөздөөчү шайырлыгы, эр жүрөк, кайраттуу, баатыр, баласаак, мээримдүүлүгүтамашакөйлүгү,сөз тапкычтыгына окуучулардын көңүлдөрүн буруу керек.Чыгарманы үн кубултуп көркөм окуусу өз жемишин бербей койбойт. Окуучуларга таасир бере турган жерлерин тандап алуу натыйжалуу. Мисалы “Ал баланы биз таң калып карасак, /Баарыбыздан Самак тура баласаак. /Наристени бошотууга байлоодон /Аттап-буттап чуркап кетип баратат...”
Ушул жерден мугалим жалпы класска суроо менен кайрылат:

Образды ачуу тапшырмасы аткарылгандан кийин, өтүлгөн сабакты бышыктоо үчүн жалпы класска мугалим суроолор менен кайрылат.
Талкуулоо үчүн суроолор:

1. Согушту тунжурап ойлоого эмне себеп болду?
2. Кагаз бетиндеги быйтыйган алакан менен короодо байланып турган бала Самакка кандайча таасир этти?
3. Душмандын жүзү каралыгы менен таш боордугун кайсы ыр саптары туйгузуп турат?
4. Окуя кайсы мезгилде, кайсы жерде болгон?
5. Акын кандай ойду айтмак болгон?

Ой жүгүртүүгө багыттоочу жогорудагы проблемалык суроолорго окуучу оозеки жана жазуу түрүндө жооп берүүдө укканына карап чыгарманы өздөштүрүүдө пайда болгон кубанычы жана өкүнүчү байкалып, кыялдануусу сезилип тургандай болушу керек. Жогоруда айтылгандарга жетишүү жана өтүлгөн сабакты бышыктоо максатында бир сабактын методикалык системасын сунуштайбыз.

**2- схема. С.Жусуевдин “Алакан” чыгармасын окутуунун методикалык системасы.**



Мугалимдин билими, ой жүгүртүүсү, билгичтиги, чыгармачылыгы мыкты болсо, сабак процессинде салттуу жана интерактивдүү методдорду пайдалануу аркылуу окуучулардын активдүүлүгүн жогорулатууга, турмуш менен байланыштырып карoo актуалдуу болду.

Жалпы жыйынтыкта өткөрүлгөн изилдөөнүн мазмуну боюнча негизги корутундулар жана практикалык сунуштар берилди.

## ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР

XX кылымдын 70–90-жылдарындагы поэтикалык чыгармаларды окутуу маселесине арналган изилдөөбүздүн жыйынтыгында алдыга коюлган максат-милдеттерибиз ишке ашты деген ойдобуз.

**Биринчи милдет** боюнча XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал акындардын мектеп программасына сунушталган поэзиясын илимий-методикалык жактан изилденип, андагы акындардын чыгармаларындагы өзгөчөлүктөрү аныкталды.

XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясындагы чыгармачылык өзгөчөлүктөрдү, илимий-теориялык жактан изилдөө, аларды билим берүүчү уюмдарда учурдун талабында окутуп, талдоодо колдонуучу методдорду, усулдарды тактап алуунун зарылдыгы каралды. Алардын окуу программаларындагы, окуу китептериндеги берилиши жана методикалык эмгектерде изилденишине анализ жүргүзүлдү. 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиялык чыгармаларды окутуунун методологиялык негиздерине, поэзиянын табияты жана окутуп-талдоонун филологиялык багыты, педагогикалык, психологиялык көйгөйлөрү, дидактикалык принциптери жалпылаштырылды.

**Экинчи милдет боюнча** XX кылымдын 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окутуунун өзгөчөлүктөрү талдоого алынып, мында 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын билим берүүчү уюмдарда окутуунун учурдагы заманбап талаптарда окутуунун жолдору жана кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасынын модели иштелип чыкты. 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык шарттары, принциптери менен технологиясы, аларды окутууда салттуу жана интерактивдүү методдорду оптималдуу пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү сунушталды. Окутууда салттуу эмес жана интерактивдүү методдор интеграцияланып, интегративдүү методдун: мугалим окуучулардын жанрдык табиятына, өзгөчөлүгүнө өзгөчө көңүл буруу зарылдыгына токтолуп, чыгарманын жанрдык табиятын окуучу терең түшүнбөсө, ал чыгармада болуп жаткан идеялык–тематикалык байлыкты өздөштүрө албайт, образдарынан өзүнө жакын идеал таба албайт.

**Үчүнчү милдет боюнча** 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окутууда салттуу жана интерактивдүү методдор аркылуу интеграцияланып: ролдук оюндар, интерактивдүү вебинар, добуш берүү, кейс чечүү, матер класстар, мээге чабуул, тыным менен окуу, башкарып окутуу, сабак-диспут, сократтык аңгеме, ББкБ, кырдаалга ылайык талкуу, класстер түзүү ж.б. сабак жандуу жана кызыктуу өткөрүүгө ылайык методдор экендиги айкындалды жана 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы

сунушталды. Мектеп окуучусу 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясына көркөм окуу менен кызыгуусун калыптандырууга болот. Поэзия окуучунун жан дүйнөсүнүн байышындагы, көз караштары менен дүйнө таанымынын кеңишиндеги, рухий дүйнөсү бай, ар тараптуу өнүккөн инсан катары калыптанышындагы тийгизген таасирине көңүл бөлдүк.

**Төртүнчү милдет боюнча** сунушталган 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы аныктоочу экспериментибизде далилденип жана мектеп практикасында эксперименталдык жол менен негизделди.

Изилдөөнүн жүрүшүндө мектептерде жүргүзүлгөн анкеталарга ылайык кыргыз поэзиясындагы идеяларга жана образдарга көбүрөөк көңүл бурулуп, окуучунун кабыл алышы жана чыгарманын мазмунун түшүнүүдө кеп байлыгын өстүрүү жумуштары көңүл сыртында калып жаткандыгы байкалды. Натыйжада, 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясындагы улуттук баалуулуктар менен таалим-тарбиянын мыкты үлгүлөрүн предметтик компетенттүүлүккө багыттап окутуу иши актуалдуулугу тастыкталды.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

1. Жаңы окуу-нормативдик документтерди иштеп чыгууда кыргыз адабияты боюнча мамлекеттик стандарттарда жана окуу программаларда XX кылымдын 70–90-жылдарында жаратылган поэтикалык чыгармаларды үйрөнүүдө сааттардын санын көбөйтүү; окуу китептеринде аталган ыр туундуларынын тексттерин толук берүү; тексттерди сөздүк-фразеологиялык түшүндүрмөлөр жана комментарийлер менен коштоо; анын ичинен этнолингвистикалык лексикага, фразеологияга көңүл буруп, тийиштүү иллюстрацияларды кошуу.

2. Кыргыз адабиятын окутуунун методикалык курсун мектепте жакшыртуу үчүн XX кылымдын 70–90-жылдарында жазылган поэтикалык чыгармаларды камтыган окуу-методикалык комплексти (окуу китептерин, хрестоматияды, сөздүктөрдү, сабактардын тийиштүү иштелмелери) иштеп чыгуу.

3. Мектептерде кыргыз адабияты боюнча төмөнкү иш-чараларды алдын ала караштыруу: окуучуларды XX кылымдын 70–90-жылдарындагы поэтикалык чыгармалардын түп нускалары менен тааныштыруу; талдоо жүргүзүүнүн негизинде даярдалган театралдык оюндарга, инсценировкаларга катышуу, сөздүктөр менен иштөө жана аталган жылдар аралыгында жаратылган поэтикалык туундуларга комментарийлерди түзүү, сүрөт өнөрүнүн үлгүлөрү менен таанышуу ж.б.

4. XX кылымыдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутууда интерактивдүү окутуунун натыйжалуулугун арттыруу үчүн техникалык каражаттар аркылуу слайд менен чагылдырылса, окуучулардын таанып-билүү, ккөрүү, угуу, сезүү, кабыл алуу көндүмдөрү калыптанат.

Мектептеги адабияттык окуу курсунун максат-милдеттерине ылайык, адабий билим берүүнүн технологиясы жогоруда айтылган сунуштарды эске алган учурда гана натыйжалуулугу артат. Окуучулардын билиминин, билгичтигинин жана көндүмдөрүнүн калыптанышында мааниси зор деген ойдобуз.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну төмөндөгү эмгектерде чагылдырылды:**


1. **Тажибаева, У.К.** 70–90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окутуунун өзгөчөлүктөрү [Текст] / У.К. Тажибаева // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы.- 2012.- Атайын чыгарылыш. - 166-168-бб.
2. **Тажибаева, У.К.** 70–90-жылдардагы поэтикалык чыгармаларды окутуунун психологиялык-педагогикалык, методикалык аспектилери [Текст] / У.К. Тажибаева // Эл агартуу. –2013. – № 11–12. – 2-5-бб.
3. **Тажибаева, У.К.** Поэзияны үйрөнүүгө болгон кызыгуулар жана жолтоо факторлор [Текст] / У.К. Тажибаева // Чуй унивеситетинин кабарлар. - 2014. – № 6.- 25-29-бб.
4. **Тажибаева, У.К.** XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз акындарынын ырларын мектептерде окутуунун принциптери [Текст] / У.К. Тажибаева // ОшМУнун жарчысы. – 2014.- № 3 (4).-263-266-бб.
5. **Тажибаева, У.К.** Акын Шайлообек Дүйшеевдин поэзиясындагы “Эки дөөнүн күрөшү” [Текст] / У.К. Тажибаева // «Көчмөндөр цивилизациясы: эпостук чыгармаларда жана спорттун улуттук түрлөрү» Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. – Булан -Сөгөттү, 2014. –93-97-бб.
6. **Тажибаева, У.К.** Поэзияны окутуу – окуучунун руханий дүйнөсүн өнүктүрүү [Текст] / У.К. Тажибаева // Материалы международной научно-практической конференции “Перспективы развития науки в современном мире” – Талды-Курган, 2015 -32-35-бб.
7. **Тажибаева**, **У.К.** Турар Кожомбердиевдин поэзиясындагы уйкаштыкты мектепте окутуу ыкмалары [Текст] / У.К. Тажибаева //«Манастан Чынгыз Айтматовго карай: проблемалар жана көз караштар» Эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары. – 15 января 2016. – № 1. - 266-269-бб.
8. **Тажибава, У.К.** Методика преподавания в школе кыргызской поэзии 70–90-годов [Текст] /У.К.Тажибаева // Научная дискуссия: вопросы педагогики и психологии. - Москва, 2016. –№5 (50) - часть 1. – С. 166-168.
9. **Тажибаева, У.К.** Кыргыз акындарынын поэзиясындагы уйкаштыкты окутуу менен спортсмен студенттерди патриоттукка тарбиялоо [Текст] / У.К. Тажибаева // Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын жарчысы. – 2016. –№ 2 (14). –107-112-бб.
10. **Тажибаева, У.К.** Акын Шайлообек Дүйшеевдин поэзиясы аркылуу келечек муундарды патриоттуулукка тарбиялоо [Текст] / У.К.

Тажибаева // К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин жарчысы. – 2016 –№1 (35) –181-183-бб.
11. **Тажибаева, У.К.** Мектепте Сооронбай Жусуевдин “Курманжан датка” романын инсандын өнүгүүсүнө багыттап окутуу [Текст] / У.К. Тажибаева – С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин жарчысы. – 2016. – № 2 (3). – 203-206-бб.
12. **Тажибаева, У.К.** Изучение романа Сооронбая Жусуева “Курманжан датка” [Текст] / У.К. Тажибаева // Материалы II Международной научно-практической интернет-конференции: Проблемы лингвистики, методики обучения иностранным языкам и литературоведения в свете межкультурной коммуникации. – Орел, 27-28-февраля 2017. – С. 219-224.
13. **Тажибаева, У.К.** С. Жусуевдин “Курманжан датка” романындагы педагогикалык билимдерди окуп үйрөнүү [Текст] / У.К. Тажибаева // ОшМУнун жарчысы. – 2017. – Атайын чыгарылыш. – 204-207-бб.
14. **Тажибаева, У.К.** С.Эралиевдин “Ак Мөөр” поэмасын окутуунун методикасы [Текст] / У.К. Тажибаева // И. Раззаков атындагы КМТУнун жарчысы. – 2017. –78-84-бб.
15. **Тажибаева, У.К.** С.Жусуевдин “Алакан” чыгармасын окутуунун методикасы [Текст] / У.К.Тажибаева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2018. – № 2. –236-239-бб.
16. **Тажибаева, У.К**. Б.Бейшеналиеванын чыгармачылыгын окутуу аркылуу дене-тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү [Текст] / У.К. Тажибаева // Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын жарчысы. - 2019. - № 1.– 120-127-бб.
17. **Тажибаева, У.К.** С.Эралиевдин “Кесир инсан” чыгармасын окутуу [Текст] / У.К.Тажибаева // ALATOO ACADEMIC STUDIES. – 2021.- № 1. - 120-129-бб.

**Тажибаева Уркия Кочкоровнанын «XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы» аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Түйүндүү сөздөр:** поэзия,окутуу методдору, окутуунун натыйжалуулугу, терең билим, текстти талдоо жумуштары, образды окутуу,методикалык система, окуу ишмердүүлүгү, окутуунун заманбап технологиялары.

**Изилдөөнүн объектиси:** Жалпы орто билим берүүчү мектептерде XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** Мектептин ортоңку жана жогорку класстарында XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикасы.

**Изилдөөнүн максаты:** Орто мектепте XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын иштеп чыгуу, экспериментти текшерүүдөн өткөрүп, практикага сунуш кылуу

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын материалдарынын жалпы өзгөчөлүктөрү жана аны мектепте үйрөтүүнүн бөтөнчөлүктөрү аныкталгандыгында;

– профессионал акындардын окуу программасына сунуш кылынган чыгармаларын адабий-тарыхый процесс, коомдук турмуштун жалпы динамикасы менен байланышта талдоонун бүтүн бир методикалык системасы иштелип чыккандыгында;

– иштелип чыгылган теориялык ойлор жана методикалык сунуштар илимий-практикалык сынактан өткөрүлгөндүгүндө.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Изилдөөбүздөн келип чыккан пикирлер, тыянактар, сунуштар республикабыздын жалпы орто билим берүүчү мектептеринде кыргыз адабиятын окутууну жакшыртууда, окуу программаларын, окуу китептерин, окуу колдонмолорун түзүүдө, педагогикалык багыттагы жогорку окуу жайларында, мугалимдерди кайра даярдоо, адистигин жогорулатуу тармактарында окутулуучу курстардын сапатын өркүндөтүүдө практикалык көмөк көрсөтө алат.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Тажибаевой Уркии Кочкоровны на тему «Методическая система кыргызской поэзии 70-90-х годов XX века» на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности: 13.00.02 – теория и методика преподавания и воспитания (кыргызская литература)**

**Ключевые слова:** поэзия, методы обучения, эффективность обучения, глубокие знания, работа по подготовке текста, методическая система, учебная деятельность, современные технологии обучения, обучение образу.

**Объект исследования:** процесс обучения кыргызской поэзии 70-90-х годов XX века в общеобразовательных школах.

**Предмет исследования:** Методика обучения кыргызской поэзии 70-90-х годов XX века в средних и старших классах школы.

**Цель исследования:** Разработка методической системы обучения кыргызской поэзии 70-90-х годов XX века в средней школе, экспериментальная проверка системы, рекомендация к использованию на практике.

**Научная новизна исследования** заключается

- в определении общих особенностей материалов кыргызской поэзии 70-90-х годов XX века и особенностей обучения ее в школе;
- в разработке целостной методической системы анализа рекомендуемых в учебную программу произведений поэтов-профессионалов во взаимосвязи с литературно-историческим процессом, общей динамикой общественной жизни;
- в проведении научно-практической апробации разработанных теоретических идей и методических рекомендаций.

**Практическая значимость исследования:** Заключения, выводы, рекомендации, полученные в результате проведенного исследования, окажут практическую помощь в улучшении методики обучения кыргызской литературе в общеобразовательных школах республики, в составлении учебных программ, учебников, учебных пособий, в улучшении качества курсов, проводимых в высших учебных заведениях педагогической направленности, в области переподготовки и повышения квалификации учителей.

## SUMMARY

**of the dissertation of Tazhibayeva Urkia Kochkorovna on the topic: "Methodological system of Kyrgyz poetry of the 70-90s of the XX century" for the degree of Candidate of Pedagogical Sciences in the specialty: 13.00.02-theory and methodology of teaching and education (Kyrgyz literature)**

**Keywords**: poetry, teaching methods, teaching efficiency, deep knowledge, work on the preparation of the text, methodological system, educational activity, modern teaching technologies, image training.

**Object of research**: the process of teaching Kyrgyz poetry in the 70-90s of the XX century in general education schools.

**Subject of research**: Methods of teaching Kyrgyz poetry in the 70-90s of the XX century in middle and high school classes.

The purpose of the study: To develop a methodological system for teaching Kyrgyz poetry in the 70-90s of the XX century in secondary schools, to test the system experimentally, and to recommend its use in practice.

**The scientific novelty of research is**

- in determining the general features of the materials of Kyrgyz poetry of the 70-90s of the XX century and the features of teaching it in school;
- in the development of a comprehensive methodological system for analyzing the works of professional poets recommended for the curriculum in relation to the literary and historical process, the general dynamics of public life;
- in conducting scientific and practical testing of the developed theoretical ideas and methodological recommendations.

**Practical significance of research**: Conclusions, conclusions, recommendations obtained as a result of the study will provide practical assistance in improving the methods of teaching Kyrgyz literature in general education schools of the republic, in the preparation of curricula, textbooks, textbooks, in improving the quality of courses held in higher educational institutions of pedagogical orientation, in the field of retraining and advanced training of teachers.

**КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ**
**имени И.АРАБАЕВА**
**КЫРГЫЗСКИЙ НАЦИОНАЛЬНЫЙ УНИВЕРСИТЕТ**
**имени Ж.БАЛАСАГЫНА**
**КЫРГЫЗСКАЯ АКАДЕМИЯ ОБРАЗОВАНИЯ**

Диссертационный совет Д.13.20.623

*На правах рукописи*
*УДК 37.371.3:894.341*

ТАЖИБАЕВА УРКИЯ КОЧКОРОВНА

# МЕТОДИЧЕСКАЯ СИСТЕМА ОБУЧЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ ПОЭЗИИ 70-90-Х ГОДОВ XX ВЕКА

13.00.02 – теория и методика обучения и воспитания
(кыргызская литература)

## АВТОРЕФЕРАТ

диссертации на соискание ученой степени
кандидата педагогических наук

Бишкек – 2021

Диссертационная работа выполнена на кафедре методики кыргызской литературы Кызыл-Кийского гуманитарного педагогического института Баткенского государственного университета

